| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>АРАВАН РАЙОНУ<br>ДОСТУКАЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛ ӨКМӨТҮ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>АРАВАНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛ ОКМОТ ДОСТУКСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|---|

**БУЙРУК**

**П Р И К А З**

20.08.26 № 152 Пахта-Дөбө айылы

**Кыргыз Республикасынын Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн 2026-жылдын 3-августундагы "Жарандар менен түз телефон байланышын уюштуруу жөнүндө" №52-155 буйругун жана Араван райондук мамлекеттик администрациясынын 2026-жылдын 11-август айындагы №01-14/193-сандуу буйругун аткарууга алуу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2026-жылдын 23-майындагы ПЖ №181 "Аткаруу бийлигинин жергиликтүү органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жарандар менен иштөөсүнүн натыйжалуулугун жана калктын жашоо-тиричилигин камсыз кылуунун сапатын жогорулатуу боюнча чаралар жөнүндөгү" Жарлыгына ылайык жана жарандык коом, жалпыга маалымдоо каражаттары менен өз ара кызматташтыкты арттыруу жана Кыргыз Республикасынын Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн 2026-жылдын 3-авгутундагы "Жарандар менен түз телефон байланышын уюштуруу жөнүндө" №52-155 буйругу жана Араван райондук мамлекеттик администрациясынын 2026-жылдын 11-август айындагы №01-14/193-сандуу буйругу аткарууга алуу максатында буйрук кылам:

1. Кыргыз Республикасынын Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн 2026-жылдын 3-авгутундагы "Жарандар менен түз телефон байланышын уюштуруу жөнүндө" №52-155 буйругу жана Араван райондук мамлекеттик администрациясынын 2026-жылдын 11-август айындагы №01-14/193-сандуу буйругу аткарууга алынсын.

2.Достук айыл өкмөтүнүн башчысы Т.Д.Таев жана айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басары Т.У.Пиратов жарандар менен түз телефон байланышы ар бир айдын акыркы ишембисинде саат 09:00 дөн 12:00 гө чейин 0222-818-172 жана 0990-898-981 байланыш номурлары аркылуу уюштурулсун.

3.Достук айыл өкмөтүнүн башчысы басма сөз жыйыны жарандардын, жалпыга маалымдоо каражаттарынын, жарандык коомдун, анын ичинде алдыңкы жаштардын коомдук бирикмелеринин өкүлдөрүнүн катышуусунда жылына эки жолудан кем эмес уюштурулуп өткөрүлсүн.

4.Жарандар менен түз телефон байланышын уюштуруу боюнча жоопту кызматкерлер бекитилсин жана жарандардын суроо-талаптарын кабыл алуу, каттоо жана тиешелүү жетекчилерге жеткирүү камсыз кылынсын.

4. Түз телефон байланышын уюштуруп өткөрүүгө жооптуу болуп айыл өкмөтүнүн жооптуу катчысы А.А.Абдуллаева бекитилсин.

5.Достук айыл өкмөтү тарабынан жүргүзүлүп жаткан иштер, жарандар менен жолугушуулар, түз телефон байланыштары жана башка коомдук маанидеги иш-чаралар тууралуу маалыматтарды үзгүлтүксүз айыл өкмөтүнүн фейсбук баракчасына чагылдырууну камсыздашсын.

6. Келип түшкөн суроо-талаптарды тиешелүү тартипте карап чыгып, жыйынтыгы боюнча талдоо жүргүзүлсүн, жарандардын жалпыга маалымдоо каражаттарынын, жарандык коомдун, анын ичинде алдыңкы жаштардын коомдук бирикмелеринин өкүлдөрүнүн катышуусунда жылына эки жолудан кем эмес басма сөз жыйынын уюштуруп өткөрүүнү колго алышсын.

7. Бул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө жагын өзүмдө калтырам.

**Башчы** **Т.Д.Таев.**

А.А.Абдуллаева